**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезектүү**
**№2 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

08.09.2023 ж.

**Төрага: А.К. Кайыпов**
**Катчы: Курманбек кызы Айзирек**
**Катышкандар: 22**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы 412ауд.***

**Күн тартиби:**

1. **Кафедранын 2023-2024 окуу жылына карата стратегиялык онугуу планын талкуулап бекитуу.**
2. **Кафедранын илимий иштери жана ОМК боюнча 2023-2024-окуу жылы үчүн иш планын бекитүү. (Баяндамачы: кафедранын ОМК иштери боюнча жооптуу Курманалиев Н.К.)**
3. **Окутуучулардын ОМКтеринин абалы жана ОМКтерди ОшМУнун AVN порталына жайгаштыруу.**
4. **Кафедранын ага кураторунун 2023-2024-окуу жылынын иш планын бекитүү .**
5. **ОшМУнун миссиясын талкулоо.**
6. **Практиканын иш планын талкуулоо жана бекитүү.**
7. **Ар түрдүү маселелер.**

1. **Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, завуч **Кайыпов Абдумажит Абдразакович** кафедранын 2022-2026 окуу жылына карата стратегиялык өнүгүү планын бекитүү боюнча уюштуруу иш чаралары, окуу-методикалык иштердин планы, илимий изилдөөнүн планы, тарбия иштеринин планын сунуштады. Кафедранын к.м.н., доцент окутуучусу А.Т. Жунусов 5жылга карата илимий изилдөө иштерин жургүзүү керектигин белгиледи. Отурумдун мүчөлөрү жогорудагы иш планды угуп төмөндөгүдөй чечим кылат.

**ЧЕЧИМ**

**2023-2024 окуу жылына карата кафедранын 2022-2026 окуу жылына карата стратегиялык онүгүү планын бекитүү боюнча уюштуруу иш чаралары, окуу-методикалык иштердин планы, илимий изилдоонүн планы, тарбия иштеринин планы бекитилсин.**

2. **Угулду.** Кафедранын илимий иштери жана ОМК боюнча жооптуу Курманалиев Н.К. 2023-2024-окуу жылы үчүн түзүлгөн кафедранын иш планы менен жалпы жааматты

тааныштырып чыкты жана кафедранын иш планын бекитүү кетектигин айтты, отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат:

## ТОКТОМ:

**Кафедранын илимий иштери жана ОМК боюнча иш пландары бекитилсин.**

3. **Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович** окутуучулардын дисциплиналар боюнча түзүлгөн ОМКтеринин абалы жана ОМКтерди ОшМУнун AVN порталына жайгаштыруу боюнча маселени талкууга коюп, сөздү кафедранын ОМК жооптуу Н.К.Курманалиевге берди. Нурлан Камбаралиевич окутуучулардын дисциплиналар боюнча түзгөн ОМКларын карап чыккандыгын жана жаны стандарт менен матрица боюнча ондоп-түзөөлөр, 5-жылдыкка карата түзүүлүсүн, андан кийин гана бекитилип , АВН порталга жайгаштырса боло тургандыгын эскертип өттү. Кафедранын дисциплиналар боюнча жооптуу болгон окутуучулар ОМКлар боюнча суроо, талаптар менен талкуулашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл кылышты:

## ТОКТОМ:

**Кафедранын дисциплиналар боюнча жооптуу окутуучулары өздөрүнө тиешелүү предметтер боюнча ОМКларды кайрадан карап чыгып, стандарт боюнча ондоп-түзөп, АВН порталга жүктөөгө милдеттендирилсин.**

4. **Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович** кафедранын ага кураторунун 2023-2024-окуу жылы үчүн иш планын бекитүү боюнча карап чыгуу керектигин билдирип, сөздү кафедранын ага куратору У.А. Кыдыралиевге берди. Ал кафедрадагы кураторлорду өздөрүнө бөлүнгөн куратордук тайпалардын тизмеси менен тааныштырып, куратордук ишти баштай берсе боло тургандыгын маалымдады. Отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй токтом кылат:

## ТОКТОМ:

**Ар бир куратор өзүнө бөлүнгөн куратордук тайпасы боюнча иштерди үзгүлтүккө учуратпай өз убагында аткарууга, тайпалар менен терен иш алып барууга милдеттендирилсин.**

5. **Угулду.** Отурумду кафедра жетекчисинин милдетин убактылуу аткаруучу төрагасы, **завуч Кайыпов Абдумажит Абдразакович** ОшМУнун миссиясын ар бир студент жана ар бир окутуучу билүүсү керек экендигин айтып окутуучулардан миссияны карап койунуздар деп айтып өттү.**Жарыш созго чыккан** УМС боюнча жоопту Курманалиев Нурлан Камбаралыевич : "ОшМУ илимий изилдөөлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билим берет. Университет өзүнүн коомунун мүчөлөрүнүн интеллектуалдык, маданий жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылып, улуттук баалуулуктарды сактоого жана өркүндөтүүгө көмөктөшөт."

БААЛУУЛУКТАР

“Стратегиялык планды ишке ашыруу Конституцияда, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамында жана Университеттин Уставында жазылган баалуулуктарга негизделет. Жана бүтүндөй коом үчүн негизги баалуулуктардын булагы болуп саналат:

Ош мамлекеттик университетинин «Коом жана билим берүү» пилоттук долбоору” –деп созун аяктады, чогулуштун катышуучулары маселени талкуулап чечим кылат.

**ЧЕЧИМ:**

**ОшМунун миссиясын билуу ар окуутуучуга жана студентге милдеттендирилсин. Ар бир куратор оз тайпасына ОшМУмиссиясын жайылтуу каралсын.**

**Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** кафедранын жыйынында өндүрүштүк практиканын иш планы менен тааныштыруу үчүн сөздү өндүрүштүк практика боюнча жооптуу Абдирайимов Искендербек Султаналиевичке берди. Абдирайимов Искендербек 3-курс, VI-семестрдеги өндүрүштүк практика боюнча алга коюлган максаттары жана РК, ПКлары менен тааныштырып , окуу методикалык комплекси 5 жылдык негизги билим берүү программасынын негизинде түзүлгөнүн билдирди. Отурумдун мүчөлөрү өндүрүштүк практиканын окуу методикалык комплекси менен таанышып төмөндөгүдөй чечим кылат.

**ЧЕЧИМ:**

**2022-2023 окуу жылы үчүн 3-курс, VI-семестрдеги өндүрүштүк практиканын окуу методикалык программасы 5 жылдык НББПнын негизинде түзүлүп, бекитилсин. Кафедрадагы өндүрүштүк практиканын жооптуулары тиешелүү иштерди алып барууга милдеттендирилсин.**

***Кафедра башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу:*** ***А.А.Кайыпов.***

***Катчы:*** ***Курманбек к А.***